**Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы кытай - кыргыз чек арасы жөнүндө**

# КОШУМЧА МАКУЛДАШУУ

Кытай Эл Республикасы жана Кыргыз Республикасы (мындан ары «Макулдашуучу Тараптар» деп аталышат)

Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы 1996-жылдын 4-июлундагы Макулдашуунун 3-статьясына ылайык кытай - кыргыз чек арасынын жетинчи жана сегизинчи чек аралык чекиттеринин ортосундагы макулдашылган сызыкты тактоо жана аныктоо максатында,

кытай - кыргыз чек арасынын жыйырма биринчи жана акыркы чек ара чекиттеринин ортосундагы макулдашылган сызыкты тактоо жана аныктоо максатында

жогоруда айтылган Макулдашууга кошумча катары

төмөнкүлөр жөнүндө макулдашышты:

1-статья

Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы мамлекеттик чек ара сызыгы Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы 1996-жылдын 4-июлундагы Макулдашуунун 2-статьясында белгиленген кытай - кыргыз чек ара сызыгынын жетинчи чек ара чекитинен аты жок тоо кыркасынын (Южно - Тяньшаньский) кыры боюнча батышты карай белгилери

4401, 4465, 4482, 4547,4808, 4683, 4742, 4743 болгон бийиктиктер аркылуу 7/1- чек ара чекитине чейин барат.

Бул чек ара чекити жогоруда айтылган тоо кыркасынын кырында, Кыргызстандын аймагындагы, белгиси 4429 болгон бийиктиктен түштүккө карай болжол менен 1,6 км, Кытайдын аймагындагы, белгиси 4470 болгон бийиктиктен түндүк-түндүк-батышка карай болжол менен 2,5 км, белгиси 4556 болгон бийиктиктен түндүк-чыгышка карай болжол менен 3,7 км аралыкта, белгиси 4741.8 болгон бийиктикте жайгашкан.

Кытай - кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/1 чек ара чекитинен аты жок тоо кыркасынын кыры боюнча батыш-түштүк-батыш тарапка белгиси 4184 болгон бийиктик аркылуу 7/2 чек ара чекитине чейин барат. Бул чек ара чекити жогоруда аталган тоо кыркасынын кырында, Кыргызстандын аймагындагы, белгиси 3686 болгон бийиктиктен чыгышка карай болжол менен 2,2 км жана белгиси 3784 болгон бийиктиктен түштүккө карай болжол менен 2,0 км, Кытайдын аймагындагы, белгиси 4247 болгон бийиктиктен батыш-түндүк-батышка карай болжол менен 2,9 км аралыктагы, белгиси 4309 болгон бийиктикте жайгашкан.

Кытай - кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/2-чек ара чекитинен аты жок тоо кыркасынын кыры боюнча белгиси 4028 болгон бел аркылуу, белгилери 4497, 4327, 4234, 4393, 4381, 4033, 3576 болгон бийиктиктер аркылуу 7/3-чек ара чекитине барат. Бул чек ара чекити Узун-гуш (Чон-Узенгю-Кууш) дарыясынын суу агымынын ортосунун же негизги сайынын ортосунун Кичи -Узен – гуш ( Узун-гуш) дарыясынын суу агымынын ортосунун же негизги

сайынын ортосунун кесилишинде, Кыргызстандын аймагындагы, белгиси 3838 болгон бийиктиктен чыгыш-түштүк-чыгышка карай болжол менен 2,5 км, Кытайдын аймагындагы, белгиси 3761 болгон бийиктиктен түндүк-чыгышка карай болжол менен 2,6 км, белгиси 3675 болгон бийиктиктен түндүк-түндүк-чыгышка карай болжол менен 1,7 км аралыкта жайгашкан.

Кытай – кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/3 чек ара чекитинен Узун-гуш (Чон-Узенгю-Кууш) дарыясынын суу агымынын ортосу же негизги сайынын ортосу менен жогору карай 7/4 чек ара чекитине чейин барат. Бул чек ара чекити Узун гуш (Джан -Узенгю -Кууш) дарыясынын суу агымынын ортосунун же негизги сайынын ортосунун жана анын аты жок оң куймасынын суу агымынын ортосунун же негизги сайынын ортосунун кесилишинде, Кыргызстандын аймагындагы 3509 белгиси бар бийиктиктен чыгышка карай болжол менен 4,3 км, Кытайдын аймагындагы 3754 белгиси бар бийиктиктен түндүк – батышка карай болжол менен 1,7 км, Кытайдын аймагындагы 3967 белгиси бар бийиктиктен түндүк – чыгышка карай болжол менен 2,9 км аралыкта жайгашкан.

Кытай – кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/4 чек ара чекитинен Узун-гуш (Джан-Узенгю-Кууш) дарыясынын суу агымынын ортосу же негизги сайынын ортосу менен жогору карай кетип, Узун-гуш (Джан-Узенгю-Кууш) дарыясынын суу агымынын ортосунун же негизги сайынын ортосунун жана Чиканташ дарыясынын суу агымынын ортосунун же негизги сайынын ортосунун кесилишкен жери аркылуу 7/5 чек ара чекитине чейин

барат. Бул чек ара чекити Узун-гуш (Чон-Узенгю-Кууш) дарыясынын суу агымынын ортосу же негизги сайынын ортосу менен Чонтюекуйрук дарыясынын суу агымынын же негизги сайынын ортосу кесилишкен жерде, Кыргызстандын аймагындагы, белгиси 3521 болгон бийиктиктен чыгышка карай болжол менен 1,4 км жана белгиси 3281 болгон бийиктиктен түштүккө карай болжол менен 0,7 км, Кытайдын аймагындагы, белгиси 3673 болгон бийиктиктен түндүк-түндүк-батышка карай болжол менен 1,1 км аралыкта жайгашкан.

Кытай – кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/5 чек ара чекитинен Чонтюекуйрук дарыясынын суу агымынын же негизги сайынын ортосу менен жогору карай, Чонтюекуйрук дарыясынын суу агымынын же негизги сайынын ортосу жана Туюкбулак ( аты жок суу) дарыясынын суу агымынын же негизги сайынын ортосу кесилишкен жерден 7/6 чек ара чекитине чейин барат. Болжолдуу тик бурчтуу координаттары X = 4555475; У = 13735400 болгон бул чек ара чекити, Кыргызстандын аймагындагы белгиси 4615 болгон бийиктиктен чыгыш-түндүк-чыгышка карай болжол менен 2,2 км, Кытайдын аймагындагы белгиси 4692 болгон бийиктиктен батышка карай болжол менен 2,2 км жана белгиси 4902 болгон бийиктиктен батыш-түндүк-батышка карай болжол менен 3,6 км аралыкта, аты жок эки куйманын агымынын ортолорунун кесилишкен жеринде жайгашкан.

Кытай – кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/6 чек ара чекитинен жогоруда айтылган аты жок эки куйманын ортосундагы суу бөлгүч сызык менен түштүк-түштүк-чыгышты карай белгилери

4194, 4575, 4746 болгон бийиктиктер аркылуу 7/7 чек ара чекитине чейин барат. Бул чек ара чекити Кокшаал-Тау (аты жок) тоо кыркасынын кырында, Кыргызстандын аймагындагы, белгиси 5336 болгон бийиктиктен чыгышка карай болжол менен 3,9 км, Кытайдын аймагындагы, белгиси 4902 болгон бийиктиктен түштүк-түштүк-батышка карай болжол менен 2,8 км жана белгиси 5033 болгон бийиктиктен батышка карай болжол менен 3,0 км аралыкта, белгиси 4792 болгон бийиктикте жайгашкан.

Кытай - кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/7 чек ара чекитинен Кокшаал-Тау ( аты жок) тоо кыркасынын кыры менен жалпы багыты боюнча түштүк-батышты карай белгилери 5305, 5022, 5009 болгон бийиктиктер аркылуу белгиси 4868 болгон бийиктикке чейин барат, андан ары багытын батыш-түндүк-батышка карай өзгөртүп, белгиси 5193 болгон бийиктик аркылуу 7/8 чек ара чекитине чейин барат. Бул чек ара чекити Кошаал – Тау ( аты жок) тоо кыркасынын кырындагы, Кыргызстандын аймагындагы, белгиси 4744 болгон бийиктиктен чыгыш-түндүк-чыгышка карай болжол менен 4,0 км жана белгиси 5462 болгон бийиктиктен түштүккө карай болжол менен 2,4 км, Кытайдын аймагындагы, белгиси 5097 болгон бийиктиктен түндүккө карай 1,9 км аралыктагы аты жок чокуда жайгашкан.

Кытай - кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/8 чек ара чекитинен Кокшаал –Тау (аты жок) тоо кыркасынын кыры боюнча батыш - түштүк – батышка карай, белгилери 5217, 5044, 4917, 5083 болгон бийиктиктер аркылуу 7/9 чек ара чекитине барат. Бул чек ара чекити Кокшаал-Тау ( аты жок) тоо кыркасынын кырында,

Кыргызстандын аймагындагы, белгиси 4632 болгон бийиктиктен түштүк-түштүк-чыгышка карай болжол менен 2,9 км, Кытайдын аймагындагы, белгиси 4382 болгон бийиктиктен түндүккө карай болжол менен 0,7 км жана белгиси 4804 болгон бийиктиктен түндүк-чыгышка карай болжол менен 2,3 км аралыкта, белгиси 4885 болгон бийиктикте жайгашкан.

Кытай – кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/9 чек ара чекитинен Кокшаал-Тау (аты жок) тоо кыркасынын кыры боюнча түндүк-батышты карай белгиси 5355 болгон бийиктикке чейин барат, андан ары багытын өзгөртүп түштүк-батыш-түштүккө карай белгилери 5318, 5998, 5802,5506 болгон бийиктиктер аркылуу белгиси 5602 болгон бийиктикке чейин барат, андан ары багытын өзгөртүп батышыты карай белгилери 5452, 5269, 5024 болгон бийиктиктер аркылуу 7/10 чек ара чекитине чейин барат. Бул чек ара чекити Кокшаал-Тау (аты жок) тоо кыркасынын кырында, Кыргызстандын аймагындагы, белгиси 5724 болгон бийиктиктен түштүккө карай болжол менен 2,5 км, Кытайдын аймагындагы, белгиси 4808 болгон бийиктиктен батыш-түндүк-батышка карай болжол менен 1,6 км жана белгиси 4784 болгон бийиктиктен чыгыш-түндүк-чыгышка карай болжол менен 2,6 км аралыкта, белгиси 5186 болгон бийиктикте жайгашкан.

Кытай – кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/10 чек ара чекитинен Кокшаал-Тау (аты жок) тоо кыркасынын кыры боюнча батыш-түндүк-батышты карай белгиси 4849 болгон аты жок (Кан-Суу) ашуусуна барат, андан ары багытын түндүккө карай өзгөртүп, белгиси 5222 болгон бийиктик аркылуу 7/11 чек ара чекитине

чейин барат. Бул чек ара чекити Кокшаал-Тау (аты жок) тоо кыркасында, Кыргызстандын аймагындагы белгиси 5582 болгон бийиктиктен түштүк-түштүк-батышка карай болжол менен 0,7 км жана белгиси 5724 болгон бийиктиктен түндүк-батышка карай болжол менен 0,7 км, Кытайдын аймагындагы белгиси 4772 болгон бийиктиктен түндүк-чыгышка карай болжол менен 2,5 км аралыктагы аты жок бийиктикте жайгашкан.

Кытай – кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы 7/11 чек ара чекитинен Кокшаал-Тау (аты жок) тоо кыркасынын кыры менен белгиси 5276 болгон бийиктик аркылуу батышка карай жүрүп, белгиси 5401 болгон бийиктикке чейин барат, андан ары багытын өзгөртүп, белгиси 5113 болгон бийиктик аркылуу түндүк – батышка карай жүрүп, 1996-жылдын 4-июлундагы Кыргыз Республикасы менен Кытай Эл Республикасынын ортосундагы кыргыз-кытай чек арасы жөнүндө Макулдашуунун 2 -статьясында көрсөтүлгөн сегизинчи чек ара чекитине чейин барат.

Кытай-кыргыз мамлекеттик чек арасынын сызыгы Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы 1996-жылдын 4-июлундагы кыргыз-кытай чек арасы жөнүндө Макулдашуунун 2 -статьясында көрсөтүлгөн жыйырма биринчи чек ара сызыгынан Заалай (аты жок) тоо кыркасынын кыры менен түндүк-батыш багытта кетет, андан ары багытын өзгөртүп батыш-түштүк-батышка карай жүрүп жыйырма экинчи чек ара чекитине чейин барат. Бул чек ара чекити Кыргызстандын аймагындагы, белгиси 4946 болгон бийиктиктен түштүк-чыгышка карай болжол менен 3,0 км, Кытайдын аймагындагы, белгиси 5431 болгон

бийиктиктен түндүккө карай болжол менен 1,5 км жана белгиси 5318 болгон бийиктиктен түндүк-чыгышка карай болжол менен 3,3 км аралыкта, белгиси 6349.5 болгон Заря Востока чокусунда (Малитабаэр тоосу) жайгашкан.

Кытай-кыргыз мамлекеттик чек ара сызыгы жыйырма экинчи чек ара чекитинен Заалай (аты жок) кырка тоосунун кыры менен батыш-түндүк-батыш багытында белгиси 6023 болгон бийиктикке чейин барат, андан ары багытын өзгөртүп батыш-түштүк-батыш багытында жүрүп белгиси 5939 болгон бийиктик аркылуу жыйырма үчүнчү чек ара чекитине барат. Бул чек ара чекити кытай-кыргыз чек арасынын акыркы чекити болуп эсептелет, ал Кыргызстандын аймагындагы, белгиси 4946 болгон бийиктиктен түштүк-батышка карай болжол менен 4,4 км, Кытайдын аймагындагы, белгиси 5431 болгон бийиктиктен батышка карай болжол менен 4,5 км жана белгиси 5318 болгон бийиктиктен батыш-түндүк-батышка карай болжол менен 2,5 км аралыкта, белгиси 6406 болгон бийиктикте жайгашкан.

Кытай менен Кыргызстандын ортосундагы мамлекеттик чек аранын жогоруда сүрөттөлгөн сызыгы биргелешип түзүлгөн 1:50000 масштабдагы карталарга кызыл түс менен түшүрүлгөн. Мамлекеттик чек аранын сызыгынын сүрөттөмөсүндө айтылган бардык аралыктар жана координаттар ушул карталар боюнча ченелген.

Кытай менен Кыргызстандын мамлекеттик чек арасынын сызыгы кызыл түс менен түшүрүлгөн жогоруда айтылган карталар ушул макулдашууга тиркелет жана анын ажырагыс бөлүгүн түзөт.

2-статья

Макулдашуучу Тараптар Кытай Эл Республикасы менен Кыргыз Республикасынын ортосундагы 1996-жылдын 4-июлундагы кытай -кыргыз чек арасы жөнүндө Макулдашуунун 1, 4, 5, 6, 7 жана 8-статьяларынын жоболору ушул Макулдашууга карата да колдонуларына макулдашышты.

3-статья

Макулдашуучу Тараптардын ар бири ушул Макулдашуунун күчүнө кириши үчүн зарыл болгон мамлекет ичиндеги процедураларды аткаргандыгы жөнүндө бири бирине жазуу жүзүндө билдиришет.

Бул Макулдашуу андай жазуу жүзүндөгү билдирүүнүн акыркы датасынан баштап күчүнө кирет.

Бул Макулдашуу 1999-жылдын 26 августунда Бишкек шаарында ар бири кытай, кыргыз жана орус тилдериндеги эки нускада түзүлдү. Ушул Макулдашууну чечмелөөдө пикир келишпестиктер болсо Макулдашуучу Тараптар орус жана кытай тилдериндеги тексттерге таянышат.

**КЫТАЙ ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫ ҮЧҮН**

江泽民

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ ҮЧҮН**